| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезексиз XX сессиясы

**ТОКТОМ №141**

2026-жылдын 13-апрели — Бужум айылы

**Кара-Булак элдик музейинин имаратын жана экспонаттарын өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, Баткен райондук маданият бөлүмүнүн 2026-жылдын 31-мартындагы №01-06/59 сандуу катынын негизинде, этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-апрелиндеги отурумунун корутундусун угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Булак элдик музейинин имаратын жана экспонаттарын мыйзамдаштырып Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун негизинде тиешелүү иш кагаздарын даярдап, мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** — **К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезексиз XX сессиясы

# ТОКТОМ №142

2026-жылдын 13-апрели Бужум айылы

**“Айгүл-Таш” башталгыч жалпы билим берүү мектеби мекемесин кайра атоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №244 токтомуна ылайык, ”Айгүл-Таш” башталгыч жалпы билим берүү мектебинин эмгек жамаатынын сунуштарынын негизинде, этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-апрелиндеги отурумунун корутундусун угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын Айгүл-Таш айылында жайгашкан “Айгүл-Таш” башталгыч жалпы билим берүү мектеби мекемесинин аталышы өзгөртүлүп, мындан ары “Төлөгөн Касымбеков” атындагы башталгыч жалпы билим берүү мектеби мекемеси деп кайра аталсын.

2. Мектептин жаңы аталышын мамлекеттик каттоодон өткөрүү, тиешелүү документтерге өзгөртүү киргизүү жагы мектеп директору К.Дыйкановго жана Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго тапшырылсын.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезексиз XX сессиясы

## ТОКТОМ №143

2026-жылдын 13-апрели Бужум айылы

**“Бужун” жалпы билим берүү мектеби мекемесин кайра атоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №244 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-мартындагы №159 токтомдоруна ылайык, ”Бужун” жалпы билим берүү мектебинин эмгек жамаатынын жана Бужум айылдык аксакалдар кеңешинин төрагасы Ы.Салиевдин сунуштарын эске алуу менен, этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 25-февралындагы отурумунун корутундусун угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылында жайгашкан “Бужун” жалпы билим берүү мектеби мекемесинин аталышы өзгөртүлүп, мындан ары “Мамажунус Ысмайылов” атындагы жалпы билим берүү мектеби мекемеси деп кайра аталсын.

2. Мектептин жаңы аталышын мамлекеттик каттоодон өткөрүү, тиешелүү документтерге өзгөртүү киргизүү жагы мектеп директору Б.Бурхановага жана Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго тапшырылсын.

3. Айылдык кеңештин жоопту катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XX сессиясы

## ТОКТОМ №144

2026-жылдын 13-апрели — Бужум айылы

**Суу-Башы айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонду (АЖМФ) жерлерин кайра тактоого макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына ылайык Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 10-апрелиндеги №142 сандуу чыгыш катынын негизинде Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонду (АЖМФ) жерлерин кайра тактоого макулдук берилсин.

2. Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонду (АЖМФ) жерлерин кайрадан тактап берүү жагы Баткен жерге жайгаштыруу экспедиция ишканасынан суралсын.

3. Токтомдун негизинде тиешелүү иш кагаздарын толуктап, өткөрүп алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго жүктөлсүн.

4. Айылдык кеңештин жоопту катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

6. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага — К.Шакиров

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БАТКЕН ОБЛУСУ БАТКЕН РАЙОНУ «СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ» МЕКЕМЕСИ
ИНН 02012202410236
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА БАТКЕНСК. обл. БАТКЕНСК. район УЧРЕЖДЕНИЕ «АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА»

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезексиз XX сессиясы

**ТОКТОМ №145**

2026-жылдын 13-апрели — Бужум айылы

**Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүндө “Жергиликтүү өз алдынча башкарууга 35 жыл-Жамааттардын демилгеси өнүгүүнүн келечеги” аттуу республикалык семинар-кеңешмесин өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджетинен 750 000 (жети жүз элүү мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Токтомду аткарууга алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык жана социалдык өнүктүрүү боюнча бөлүм башчысына милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономикалык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** — **К.Шакиров**